**Эл аралык мамилелер факультетинин Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын**

**№5-Протоколу**

**29-июнь, 2021-жыл**

**Катышкандар:** Окумуштуулар Кеңешинин19 мүчөсүнөн 17 мүчөсү катышты.

Окумуштуулар Кеңешинин төрайымы: Ибраимова С.С.
Окумуштуулар Кеңешинин катчысы: Даниярова Г.М.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. 2020-2021-окуу жылынын 2-жарым жылдыгындагы окуу жана тарбия иштеринин жыйынтыгы
2. 2020-2021-окуу жылындагы МАКтын ишинин аткарылышы боюнча отчет
3. 2021-2022-окуу жылына карата факультетте даярдалып жаткан программалардын НББПларын бекитүү
4. Ар түрдүү маселелер

**Угулду: Окумуштуулар Кеңешинин төрайымы Ибраимова С.С.:** Саламатсыздарбы, урматтуу коллегалар! Бүгүнкү ОКнын 19 мүчөсүнөн 17 мүчөсү катышып жатат, кворум бар. Учурдагы эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу бүгүнкү отурумун он-лайн форматта өткөрүп жатабыз. ОКнын күн тартибин бекитүү боюнча сунуштар барбы?

Анда күн тартибиндеги маселелерди бекитип койсок: «каршы», «калыс» жок бир добуштан "макул".

Регламент бекитип алсак: баяндамачыларга – 3-5 мин.,
жарыш сөзгө – 3 мин .
суроо - 1 мин.

«каршы»- жок, «калыс» -жок, "макул" – бир добуштан, "бекитилсин"

**1-маселе.** 2020-2021-окуу жылынын 2-жарым жылдыгындагы окуу жана тарбия иштеринин жыйынтыгы

**Угулду: Окумуштуулар Кеңешинин төрайымы Ибраимова С.С.:** Урматтуу коллегалар! 1-маселе боюнча окуу иштери боюнча декандын орун басары А.Ташыбаеванын отчетун уксак.

Ташыбаева Алина аткарылган иштер боюнча маалымат берди.
(Презентация тиркелет).

**Угулду: Окумуштуулар Кеңешинин төрайымы Ибраимова С.С.:** Бул маселе боюнча кандай суроолор бар?

**Жарыш сөзгө чыккандар: эл аралык мамилелер кафедрасынын башчысы, профессор К.Х. Нурдинова:** Алина Ташыбаеванын отчетунан көрүнүп тургандай, 12 студент окуудан баш тартышкан. Аларга эмне себеп болуп жатат? Ар бир студент биз үчүн маанилүү экендигин унутпашыбыз керек.

**Окуу иштери боюнча декандын орун басары Ташыбаева А.К.:** Биз да ушул боюнча студенттер менен иш алып барып жатабыз. Көпчүлүк студенттер турмуш шартына байланыштуу сырттан окууну каалашып, дистанттык окуу каралган факультеттерге которулуп жатышат.

**Күн тартибиндеги 1-маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңешинин жыйыны**

**Токтом кылат:**

1. Декандын окуу иштери боюнча орун басарынын маалыматы эске алынсын.
2. Сессиянын жыйынтыгы боюнча тайпалардын жетишүү рейтинги AVN аркылуу такталып, студенттерге жеткирилсин.
3. Студенттердин жетишүүсүн жана сабактарга катышуусун кураторлор, кафедралар, деканат тарабынан иликтенип, кесипке багыттоо жана түшүндүрүү иш-чаралары күчөтүлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө окуу иштери боюнча декандын орун басары жана кафедра башчыларына жүктөлсүн.

**Угулду: Окумуштуулар Кеңешинин төрайымы Ибраимова С.С.:** Урматтуу коллегалар! 1-маселе боюнча тарбия иштери жана контракт боюнча декандын орун басары Бердибек уулу Чыңгыздын отчетун уксак.

Тарбия иштери жана контрактык төлөмдөр боюнча декандын орун басары аткарылган иштер боюнча маалымат берди.

**(Презентация тиркелет)**

**Күн тартибиндеги 1-маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңешинин жыйыны**

**Токтом кылат:**

1. Декандын тарбия иштери боюнча орун басарынын маалыматы эске алынсын.
2. Студенттердин контрактык толомдорду убагында толоо жана карыздарын жоюу боюнча түшүндүрүү иш-чаралары күчөтүлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө тарбия иштери боюнча декандын орун басары жана кураторлорго жүктөлсүн.

**2. 2020-2021-окуу жылындагы МАКтын ишинин аткарылышы боюнча отчет**

**Угулду: Окумуштуулар Кеңешинин төрайымы Ибраимова С.С.:** Урматтуу коллегалар! 2-маселе боюнча **эл аралык мамилелер кафедрасынын башчысы Канышай Хамитовнага сөз берсек**

Угулду: **эл аралык мамилелер кафедрасынын башчысы, профессор К.Х. Нурдинова:**

2020-2021-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча эл аралык мамилелер багыты боюнча 68 студент ийгиликтүү аякташты. МО-1-17 тайпасынан 3 студент мамлекеттик аттестацияга келбегендиктен окуудан четтелди. Жалпысынан алганда студенттер Мамлекеттик экзаменди жана коргоо иштерин "жакшы" жана "эң жакшы" деген бааларга тапшырышты.

**Угулду: Окумуштуулар Кеңешинин төрайымы Ибраимова С.С.:** Бул маселе боюнча кандай сунуштар бар?

Угулду: **Аймак таануу кафедрасынын башчысы, доцент Султанова К.Дж.:** 2020-2021-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча эл аралык мамилелер багыты боюнча 28 студент ийгиликтүү аякташты. Жалпысынан алганда студенттер Мамлекеттик экзаменди жана коргоо иштерин "жакшы" жана "эң жакшы" деген бааларга тапшырышты.

**Күн тартибиндеги 2-маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңешинин жыйыны**

**Токтом кылат:**

2.1 2020-2021-окуу жылындагы МАКтын ишинин аткарылышы боюнча отчет эске алынсын

**3. 2021-2022-окуу жылына карата факультетте даярдалып жаткан программалардын НББПларын бекитүү**

Эл аралык мамилелер жана аймак таануу кафедраларынын башчылары аткарылган иштер боюнча маалымат беришти. Жалпысынан алганда студенттер тарабынан тандалган предметтер эске алынып, 2021-2022-окуу жылына карата факультетте даярдалып жаткан программалардын НББПларын бекитилди.

**Угулду: Окумуштуулар Кеңешинин төрайымы Ибраимова С.С.:** Бул маселе боюнча кандай сунуштар бар?

**Күн тартибиндеги 3-маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңешинин жыйыны**
**Токтом кылат:**

3.1 2021-2022-окуу жылына карата факультетте даярдалып жаткан программалардын НББПлары бекитилсин

**4-маселе: Ар түрдүү маселелер**

**Окумуштуулар Кеңешинин төрайымы Ибраимова С.С.:** Урматтуу кесиптештер, быйылкы окуу жылында биз үчүн учурдагы кырдаалга байланыштуу бир аз кыйынчылыктар жаралды. Бирок биз бул кырдаалдан ийгиликтүү чыктык деп ойлойм. Баарыңыздарга ийгиликтерди каалайм.

**Окумуштуулар Кеңешинин төрайымы: Ибраимова С.С.**

**Окумуштуулар Кеңешинин катчысы: Даниярова Г.М.**